ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 9: 070 (5) DOI:10.35803/1694-5298.2022.1.144-152

**МАМБЕТОВА К.**
[1]Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Бишкек, Кыргыз Республикасы
[1]Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына,
Бишкек, Кыргызская Республика

**MAMBETOVA K.**
[1]Kyrgyz National University named after Zh. Balasagyn, Bishkek, Kyrgyz Republic
asipbaeva72@mail.ru

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭТНИКАЛЫК ТАРЫХЫНЫН ИЗИЛДЕНИШИ

# ИЗУЧЕНИЕ ЭТНИЧЕСКОЙ ИСТОРИИ КЫРГЫЗОВ

# STUDYING THE ETHNIC HISTORY OF THE KYRGYZ

*Бул макала кыргыз элинин этникалык тарыхын изилдөө маселесине арналган. Кыргыз элинин келип чыгышы тууралуу проблемасы Борбордук Азиянын этникалык тарыхынын эң татаал жана талаштуу аспектилеринин бири болуп саналат. XVIII кылымдын экинчи жарымынан баштап, тарыхчылардын арасында кыргыз элинин этногенезин изилдөө маселеси өзгөчө көңүл буруунун предмети болуп, ошол учурдан тартып ар кандай гипотезалар биринин артынан бири жаралып, божомолдор айтылып, кыргыздардын этникалык тарыхынын ар кыл аспектилери изилденип келет. Ушул күнгө чейин өчпөй келе жаткан бул өзгөрбөс кызыкчылык көптөгөн себептер менен, атап айтканда, тарыхый булактардын «кыргыз» деген аталган эки этникалык жамааттын: мурунку доордо – Түштүк Сибирде, Енисейде; кийин - Орто Азиянын чыгыш бөлүгүндө, Тянь-Шань жана Памир-Алай тоолорунда болгондугун күбөлөндүргөнү менен шартталган. Кыргыздардын этникалык тарыхына болгон чексиз кызыгуу, ошондой эле байыркы жана орто кылымдардагы бир катар элдердин жана уруулардын тарыхый тагдырындагы азыркы кыргыздардын ата-бабаларынын өзгөчө ролу менен шартталган.*
***Өзөк сөздөр:*** *кыргыз эли, этносу, кыргыз элинин этногенези, Түштүк Сибирь жана Теңир-Тоо, түрк уруулары, Минусин өрөөнү.*

*Данная статья посвящена вопросу изучения этнической истории кыргызского народа. Проблема происхождения кыргызского народа является одной из наиболее сложных и спорных аспектов этнической истории Центральной Азии. Начиная со второй половины XVIII в. среди историков проблема изучения этногенеза кыргызской народности становится предметом пристального внимания и с этого момента одна за другой рождаются различные гипотезы, высказываются догадки и предположения, исследуются различные стороны этнической истории кыргызов. Этот неизменный, не угасающий до наших дней интерес объясняется многими причинами, в особенности тем обстоятельством, что историческими источниками засвидетельствовано существование двух этнических общностей с одним и тем же названием «кыргыз»: в более ранний период — в Южной Сибири, на Енисее; в более поздний — в восточной части Средней Азии, в горах Тянь-Шаня и Памиро-Алая. Неослабевающий интерес к этнической истории кыргызов вызван также той своеобразной ролью, которую играли предки современных кыргызов в исторических судьбах целого ряда народов и племен древности и средневековья.*
***Ключевые слова:*** *кыргызская народность, этнос, этногенез кыргызского народа, южная Сибир и Тянь-Шань, тюркские племена, Минусинская котловина.*

*This article is devoted to the study of the ethnic history of the Kyrgyz people. The problem of the origin of the Kyrgyz people is one of the most complex and controversial aspects of the ethnic history of Central Asia. Starting from the second half of the XVIII century. among historians, the problem of studying the ethnogenesis of the Kyrgyz people becomes the subject of close attention, and from that moment, various hypotheses are born one after another, conjectures and assumptions are made, various aspects of the ethnic history of the Kyrgyz are explored. This unchanging interest that has not faded to this day is due to many reasons, in particular the fact that historical sources testify to the existence of two ethnic communities with the same name "Kyrgyz": in an earlier period - in Southern Siberia, on the Yenisei; later - in the eastern part of Central Asia, in the Tien Shan and Pamir-Alay mountains. The unrelenting interest in the ethnic history of the Kyrgyz is also caused by the peculiar role played by the ancestors of modern Kyrgyz in the historical fate of a number of peoples and tribes of antiquity and the Middle Ages.*

***Key words:*** *Kyrgyz people, ethnos, ethnogenesis of the Kyrgyz people, southern Siberia and Tien Shan, Turkic tribes, Minusinsk basin.*

Кыргыз элинин этностук татаал тарыхы бар. «Этнос» деген белгилүү бир территорияда жашаган, бирдиктүү жана туруктуу маданияты, тили, психикасы (күлк-мүнөзү) аң-сезими жана аталышы (этноними) менен башкалардан айырмаланган тарыхый жактан куралган калктын бирдиктүү жалпылыгы. Башкача айтканда этнос – башкаларга караганда өзүнчө өзгөчөлөнгөн, бөлөк-бөтөн эл.

Этникалык жалпылык коомдук өнүгүштүн зарыл көрүнүшү катарында бир нече баскычтарды басып өтөт: тукумдан - урукка, уруктан - урууга, уруудан - элге (народность), элден - улутка айланат. Азыркы шартта коомдук-этникалык жалпылык өнүгүшүнүн чокусу улут болуп саналат.

Белгилей кетүүчү нерсе кыргыз эли байыркы этнос, бирок жаш улут.

Кыргыздар жөнүндө маалыматтар XVIII кылымдын экинчи жарымынан баштап европалык окумуштуулар тарабынан жарыялана баштаган. Андан кийинки кеңири изилденүүлөргө карабастан окумуштуулардын изилдөөлөрүндө көп так эместиктер, пикир келишпестиктер болгон.

Россия мамлекетинин Сибирди изилдөө максатын көздөгөн саякатчылардын тобун тоболдук саякатчы С.У. Ремезов жетектеген. Кыргыздардын жашаган аймагы – Түштүк Сибирь жөнүндө маалымат дал ушул саякатчы С.У. Ремезовдун жетекчилигинин астында түзүлгөн географиялык картада белгиленип көрсөтүлгөн [18, 88-б.]. 1719-жылы падышанын атайын көрсөтмөсү менен Д.Г. Мессершмидттин түзүлгөн экспедициясына швед Сталенберг (Таберт) кошулган. Натыйжада терең изилдөөлөр жүргүзүлүп, бул мезгилде түзүлгөн үч картада кыргыздар жашаган аймак көрсөтүлгөн. Руникалык жазуулар жөнүндө да маалыматтар берилген. Россия империясынын Санкт-Петербургдагы императордук илимдер академиясында кызмат өтөгөн окумуштуулардан түзүлгөн экинчи экспедицияга тарыхчы Герхард Миллер жетекчилик кылган жана кыргыздар жөнүндө алгачкы илимий багытта изилдөө ушул окумуштуурга таандык. Г.Ф. Миллер “Описание Сибирского царства” деп аталган эмгегинде енисей кыргыздары жана алардын жашаган жери жөнүндө маанилүү маалыматтар берген [15, 79-б.]. Герхард Фридрих Миллердин пикири боюнча енисей кыргыздары XVIII кылымдын башталышында калмактарга кетишкен жана аларды бурут деп атайт. И.Э. Фишер XVIII кылымдын белгилүү илимий изилдөөчүсү “Сибирская история” деген эмгегинде кыргыз-жунгар мамилелери жөнүндө жазган [19, 112-б.]. Кыргыз уруу башчылары жунгар княздары кудалашуу менен союз түзүшкөндүгүн белгилейт. Кийинчерээк И.Э. Фишер кыргыздар Енисейден жунгарлар тарабынан Кыргызстанга XVII кылымда көчүрүлгөн деген маалыматты берген.

Окумуштуу В.Н. Татищев кыргыздарды алтайлык көчмөн эл жана алар жашаган жер Ала-Тоо деп белгилейт. Окумуштуу Ж. Дегинь кытай, грек булактардын бир топ

маалыматтардын негизинде кыргыздар жөнүндө жазган. Француз окумуштуу Клод Висделу ошол эле кытай маалыматтарын пайдаланып кыргыздардын тышкы келбетин мүнөздөгөн. 1750-жылдагы окумуштуу П.Рычковдун “Краткое известие о татарах” аттуу кол жазмасында “алатай кыргыздары” деген этникалык сөз айкашы кездешет. Алатай кыргыздары көчмөн жана күчтүү эл деп белгилейт. 1758-1788 жж. Сибирде изилдөө экспедициясын П.С. Паллас жетектеген. “Путешествие по разным провинциям Российской империи” аттуу эмгегинде кыргыздардын кол өнөрчүлүгү жана темир иштетүүсү жөнүндөгү маалыматты жазган.

1768-жылы окумуштуу И.Г. Георги Иркутск, Томск, Сибирь аймактарына экспедиция жасаган жана ал кыргыздар XVII-XVIII кылымдарда көчүп кетишкен деген жыйынтыкка келген. И.Г.Георги өзүнүн “Описание всех обитающих в Российском государстве народов: их житейских обрядов, обыкновений, одежд, жилищ, упражнений, забав, вероисповеданий и других достопамятностей” деген эмгегинде кыргыз-казак элдерин чаташтырганын байкасак болот [7, 101-б].

Немец окумуштуусу Г.Клапрод Сибирь жана Кавказда илимий экспедиция жасаган мезгилинде енисейлик кыргыздар жөнүндө маалымат жыйнаган. Г.Клапрод түрктөр менен аралашкан көк көз, сары чачтуу европалык түстүү кыргыздардын арасында кара чачтуулар пайда болуп аларды жамандыктын жышааны деп айтылгандыгын белгилейт. Кытай булактарын изилдөөнүн натыйжасында кытай, тибет, түрк жана башка тилдерди билген окумуштуу алатоолук кыргыздар менен енисейлик кыргыздар бир эле түрк тилдүү эл экендигин белгилейт. Ошону менен бирге эле окумуштуу кыргыздар жунгарлар тарабынан көчүрүлгөн деген пикирге кошулган. Бул пикирди окумуштуу К. Риттер да колдогон.

1815-жылы “Сибирский вестник” журналында окумуштуу Г.И. Спацкий кыргыздардын руникалык эстеликтерин изилдеп, кыргыздар жөнүндө кеңири маалыматтарды жазган.

Орус изилдөөчүсү И.П. Красноярский 1889-жылы жарыкка чыккан “Из истории южных частей Енисейской губернии» деген эмгегинде байыркы эстеликтерде кездешкен бир нече айырмачылыгын көрсөткөн. Жаанын үчүна сайгыч темирин өзгөчө табылга катары белгилеген. Байыркы темирди бекитүү ыкмасы жөнүндө пикирин билдирген. Кыргыздарды хакастардын бийлигинде аларга салык төлөп алар менен бирге жортуулга чыгышкан деп жазган. Ошону менен бирге өзүнчө эл катары көчүп кеткен деген пикирге каршы чыккан. Минусин өрөөнүнүн этникалык курамы минусин татарлары түзгөн деп белгилейт. Окумуштуулар тарабынан И.В. Кузнецовдун бул пикири колдоого алынган эмес. И.В. Кузнецовдун пикирине каршы келген, анын тыянагын төгүндөгөн 1913-жылы В.И. Ватиндин “Минусинский край в 18 веке” деген эмгеги жарык көргөн. И.В. Ватин Минусин өрөөнүндө кыргыздар өзгөчө негизги эл болгондугун тастыктайт.

Улуу окумуштуу, тюрколог В.В. Радлов XIX кылымдын орто ченинде Минусин өрөөнүндө археологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн. 1893-94 жылдары орхон-енисей жазууларын В.Томсен жана Радлов чечмелеген [17, 125-б]. Түштүк Сибирден Теңир-Тоого жер которгондугун белгилейт. 1890-1891 жылдары Кыргызстанга келген окумуштуу Сибирде чогулткан бай материалдарынын негизинде кыргыз элинин этникалык тарыхы жөнүндө маалыматтарды берген, этнографиясын, географиясын терең изилдеген. Окумуштуу Сибирдеги түрктүү элдердин: минусин татарлар, тувалыктар, шорлор, алтайлыктардын, казак, кыргыздардын тилин изилдеген. XVIII кылымдын орто ченинде В.В. Радлов Минусин өрөөнүндө археологиялык казуу изилдөөлөрүндө көрүстөндөрдөн табылган жаа, жебе жана анын учундагы темир калкан жана башка жоо жарактарын кыргыздар жөнүндөгү маалыматтар менен салыштырган. Бул курал жарактар согушчан түрктөргө, уйгурларга жана кыргыздарга тиешелүү экенин белгилеген. В.В. Радлов, Г.Е. Грум-Гржимайло [8, 75-б.] кыргыз элинин этногенези боюнча илимий көз-караштарында енисей кыргыздары IX-X кылымдарда жана андан кийинчерээк XIII кылымда Енисейден Теңир-Тоого көчүп келгендигин белгилешет.

Советтик доорго чейинки изилдөөлөрдө кыргыздардын алтын хандар жунгарлар менен болгон мамилелерин И.Э. Фишерден башка окумуштуулар изилдешкен эмес. Минусин крайын басып алышы жөнүндө маалыматтарда жергиликтүү элдеги өзгөрүүлөргө көңүл бурулбагандыгы кыргыз жерлеринин тарыхын изилдөөлөрдүн жетишпеген жагы деп белгилесе болот. Бирок енисейлик кыргыздардын жергиликтүү эл болгондугу, баскынчыларга каршы күрөшү белгиленген.

Окумуштуулардын кыргыздар Енисейден XVIII кылымдын башында Теңир-Тоого жунгарлар тарабынан көчүрүлгөн деген пикирине кыргыз тарыхын изилдеген окумуштуу Ч.Ч. Валиханов кошулган эмес. Ал  кыргыздар Чыгыш Түркестанга Чыңгызханга чейин же анын тушунда жер которгондугун белгилеген. Ч.Ч. Валиханов кыргыздардын автохтондуулугун жактагандыгын жазган. Бул көз караш окумуштуунун анык көз карашы болгон эмес деген пикирлер бар. Казак окумуштуусу А. Маргулан кыргыздардын автохтондуулугу жөнүндөгү көз караштыЧ.Ч. Валихановго таңуулаган. Ал кыргыздар, байыртан эле Түштүк Сибирь менен Теңир-Тоо аралыгында көчүп конуп жүргөндүгүн белгилеген. Окумуштуу Ч.Ч. Валихановдун анык көз карашын Ө.К. Караев изилдеп, кыргыздардын адегендеги мекени Түштүк Сибирь, кийин Теңир-Тоого жер которгон деп белгилегендигин тастыктаган. Ошону менен бирге Енисейлик кыргыздар менен Ала-Тоодо жашаган кыргыздар бир эл экендигин белгилеп жана эки бөлөк эл дегенН.Я. Бичуриндин көз карашын сындаган. Азыркы көпчүлүк илимий даректерде Ч.Ч. Валихановду Н.Я. Бичуриндин [4, 359-б] кыргыздар эч кайдан көчүп келген эмес, автохтондуу деген пикирин колдогон окумуштуу катарында көрсөтүлгөн. Азыркы илимий чөйрөдө, айрыкча кыргыз окумуштуулары Караев Ө.К., Кожобеков М., Жолдошев Р., Асанов Т.И., Каратаев О.К. жана башкалар окумуштуу Ч.Ч. Валиханов кыргыз этногенези бир тектен чыккандыгын белгилеген дешет, алардын бөлүнгүс тулку бир калк экендигине көңүл бурган деп белгилешет. Ч. Валиханов кыргыздардын орто кылымдардагы тарых булактарынын маалыматтары боюнча кыргыздардын өткөн тарыхы жөнүндө жакшы кабардар болгон. Алардын ичинен кээ бирлерин илимий жүгүртүмгө киргизген. Ошондуктан кыргыздардын автохтондугу жөнүндө башкача оюн айткан Ч.Валиханов Н.Бичуриндин кыргыздар байыркы полудан чыккандыгы тууралуу гипотезаны колдогон эмес. Ч. Валиханов тяньшандык кыргыздар байыркы замандан баштап Андижан жана Ысык-Көлдүн ортосундагы аймакта жашашкан, жайында Үрүмчү, Иртыш, Алтай жана Хангайга чейин көчүп жүрүшчү деп белгилеген. Ошондой эле ал: "Байыркы заманда енисей кыргыздары Тянь-Шань тоолоруна чейин көчүп барышчу. Алардан тянь-шандык кыргыздардын бөлүнүп кетиши Чынгызхандын учурунда же ага чейин уйгурлардын жүрүшүндө болушу мүмкүн. Енисейлик жана тяньшандык кыргыздар бир эле эл. Алардын түздөн-түз байланышы атынан эле көрүнүп турат. Бул жөн эле этимологиялык окшоштук эмес", - деп жазган.

Ч.Ч. Валиханов 1856-1857-жж. жазган "Записки о кыргызах" деген эмгегинде "дикокаменные" кыргыздар өздөрүн тек гана кыргыз деп эсептешет жана бул аталыш менен алар бардык Орто Азиялык мусулмандарга белгилүү деп эсептейт [4, 216-б].  Кара кыргыздар негизги эки бөлүккө же канатка "оң кол" жана "сол кол"го бөлүнүшөт. "Сол канатка" ичкилик урууларын да таандык кылат.

Кыргыздардын  IX кылымдын жарымында эки канатка бөлүнгөндүгүн, алардын динлиндер менен этногенетикалык байланышта болгондугун окумуштуу Г.Е. Грумм-Гржимайло белгилеген. Ошондой эле динлиндер менен кыргыздардын байланышын Н.А. Аристов белгилейт. Окумуштуу усундар менен енисейлик кыргыздардын түпкү бабалары - байыркы кыргыздар түрктөр менен динлиндердин кошулуусунан жаралган деп айткан.

Кыргыздардын орто кылымдардын кеч мезгилиндеги тарыхын Мухаммад Хайдар Дулатинин "Тарих-Рашиди" эмгегинде Моголистандын негизги калкы кыргыздар деген баалуу маалымат берилет, ошондой эле алардын уруулук түзүмү жана жайгашкандыгы, Моголистандын ички саясий жана тышкы саясиу турмушундагы жигердүү катышуусу, могол башкаруучулардын кыргыздарды багындыруусу тууралуу айтылат. Эмгегинде автор кыргыздар катышкан көптөгөн окуяларды баян кылган. Ал эми Хайдардын бул

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

Тарих-Рашиди эмгегинен кээ бир үзүндүлөрүн окумуштуу Ч. Валиханов которгон жана комментарийлерди жазган. Ошондой эле Моголистандын картасын жана эмирлердин генеалогиялык санжырасын түзгөн.

Мухамед-Садык Кашгаринин "Тазкира-и ходжаган" эмгегинде ходжалардын өлкөдөгү башкаруу мезгили тууралуу маалымат, алардын кандуу кагылышуулары жана аларда кыргыздар жана калмактардын катышуусу жөнүндө да маалымат берилет.

Сайф ад-Дин Аксыкенти "Мажму ат-таварихте" кыргыз урууларына байланыштуу маалыматтарды камтыган тарыхый материалдар бир канча фрагменттер аркылуу берилген. Мажму ат-таварихте тарыхый окуялар уламыштык аңгеме түрүндө берилсе да, кайсы бир деңгээлде кыргыз элинин келип чыгышынын негизги бутактары жөнүндө элдин аң-сезиминде сакталган уруу-уруктук түзүлүштү чагылдырат. Кыргыздарды оң жана сол деп бөлүп, оңго Ак уулдан тараган Отуз уул жана Солусбек Булгачыны кошот. Ал эми солго Куу уул кирет. "Мажму ат-таварихти" орус тилине окумуштуу В.А.Ромодин которгон. Бул чыгарма башка дагы кыргыз тарыхына байланыштуу тарыхый булактар менен бирге Москвадан 1973-жылы чыккан "Материалы по истории кыргызов и Киргизии" деген жыйнактын биринчи чыгарылышында орус тилинде жарык көргөн.

Бул эмгекте кыргыздын "Манас" эпосу тууралуу да жазган жана бул Манас жөнүндө жазма булактарда кездешкен алгачкы булак болуп эсептелинет. А.Т.Тагиржанов эпосту илимий айлампага кошушу менен В.М. Жирмунскийдин көңүлүн бурган. Окумуштуулар чыгарманын тарыхый этнографиялык мааниси чоң экендигин белгилешкен. Чыгармада Манас Каркарада төрөлгөнүн, атасы Якуббек болгонун жазат. Мындан сырткары кырк чоросу, Онг хандын уулу Токтомуш Манастын жакын досу болгонун, калмак ханы Чункченин уулу Жолой анын душманы болгонун, Манасия шаары Манаска арналган шаар экенин жазган.

Абу-л-гази Бахадур-хан "Шаджара-йи тюрк" эмгегинде түрктөрдүн жана монголдордун тарыхы тууралуу маалымат көп. Автор санжыраны ошол заманда болгон түрүндө берүүгө умтулган. Белгисиз автордун "Зийа ал-кулуб" автобиографиялык эмгегинде көчмөндөрдүн арасында суфий шейхтердин миссионердик иши чагылдырат, алардын исламга кайрылуусу тууралуу айтылат. Эмгек кыргыздардын исламга чейинки ишеними жөнүндө маалымат менен баалуу.

1925-жылы жарык көргөн окумуштуу Н.Н. Козьминдин "Хакасы" деген эмгегинде Түштүк Сибирде жашаган элдин 3 группасы белгиленет. 1) туба (уйгур) - аңчылар, черни адамдары (Йыш-кизи); 2) хакас (түрктөр) – жарым аңчылык, жарым дыйканчылык менен эмгектенгендер; 3) кыргыздар – талаа малчылары.

Енисейде түрк урууларынын кеңири архивдик булактарына таянып Б.О. Долгих XVII кылымдагы жергиликтүү калктын саны жөнүндөгү маалыматы "Родовой и племенной состав Сибири в XVII в." деген эмгегинде кыргыздардын этникалык курамы боюнча толугу менен Козьминдин пикирин колдогон.

Советтик доордо кыргыз элинин тарыхын изилдөөдө академик В.В. Бартольд С.М. Абрамзон, А.Н. Бернштам кыргыз элинин тарыхын изилдөөдө чоң салым киргизишкен. В.В. Бартольддун кытай, араб-перс, байыркы түрк маалыматтардын негизинде 1927-жылы Фрунзе шаарында "Киргизы" деген тарыхый очерки жарыкка чыккан [1, 129-б.]. Бул тарыхый очеркте кыргыз тарыхынын ар түрдүү мезгилин изилдеп көрсөткөн. Байыркы мезгилден тартып, XIX кылымдын аягына чейинки кыргыздардын тарыхын изилдеген. Айрыкча Кыргыз каганатынын түзүлүшү IX-X кылымдар кеңири изилденип, бул мезгилди Кыргыз Улуу Дөөлөтү деп атаган жана саясий, коомдук-экономикалык калыптануусуна көңүл бурган. Академик В.В. Бартольд бул эмгегинде кыргыздардын мекени батыш Монголиядагы Кыргыз-нор көлү деп белгилейт. Н.Аристовдун пикири боюнча, жунгарлардын жеринде көчүп жүрүшкөн енисей кыргыздар бүлгүн жана согуш убагында кырылышып жана майда топторго чачырап кеткен. Алар кыргыз-казак талаасынын чыгыш жагында жана Батыш Монголия жеринде туш-тушка тарап кеткен, ал жерде бир нече үй-бүлөнүн курамында тяньшандык кыргыздарга, кыргыз-казактарга, урянхайларга, жана мүмкүн алиталарга да кошулуп калган.

Н.Аристовдун гипотезаларына окшош болуп кеткен пикирлер А.Н.Бернштамда да кездешет: ал дагы байыркы кыргыздар экиге бөлүнүп кеткендиги тууралуу айткан,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

алардын бир (чоң) бөлүгү Енисейде калган (ошонун негизинде кыргыз мамлекети VI кылымдарда пайда болгон), ал эми башка бөлүгү Тяньшань боюндагы жерлерде отурукташып калган жана азыркы Кыргызстандын аймагында отурукташып калган кыргыздардын биринчи бөлүгү болуп калышты.

Енисей кыргыздардын келип чыгышы жөнүндө А. Бернштам өзүнүн көз карашын да берет: “Б.з. чейинки III к. – б.з.ч. II к. ичинде гунндар жана сяньбилердин убагында динлин урууларынын цзянь-кунь түштүк бөлүгү борбордук азиялык уруулар менен аралашып, анын натыйжасында алардын маданиятында, расалык тибинде, тилинде чоң өзгөрүүлөр болуп, акырында VI кылымга жакын енисей кыргыздарынын түрк уруулары келип чыкты” [2, 78-б]. Бернштам “ушу менен кыргыздардын этногенезинин биринчи этабы аякталды” деп корутунду жасайт.

Академик Бартольддун “Түркстан монгол баскынчыларынын доорунда” деген эмгегинде Кыргыз каганатынын X-XIII кылымдардагы саясий тарыхын, социалдык-экономикалык абалы жөнүндө маалымат өтө маанилүү. Түркстандын маданий турмушунун тарыхы деген эмгегинде орто кылымдардагы Жети-Суу, Борбордук Теңир Тоо калкынын жашоо шарттарын мүнөздөгөн.

Кыргыздардын Енисейдин башталыш агымында жашап Тянь-Шанга көчүп келиши жөнүндө , XV кылымда биротоло көчүп келгендигин белгилейт.

Орус тарыхчысы, этнограф С.А. Теплоухов өткөн кылымдын 20-жылдарынын аягында VI-XII кылымдардагы кыргыз эстеликтерин идентификациялоого мүмкүндүк бере турган археологиялык материалдарды жалпылады, 1929-жылы ал орто кылымдар доордогу төрт мезгилине тийиштүү болгон эстеликтерди бөлүп чыгаруу менен Минусин өрөөнүнүн маданияттарынын классификациясын түзгөн. Алардын ичинен кыргыз кургандар – чаа-тастар, “алтай түрктөрдүн” кургандары, монголго чейинки жана монгол мезгилиндеги көмүүлөр бөлүнүп чыгарылган. Бул схема “Сибирь археологиясында революция” жасады. Енисейлик кыргыздардын археологиялык маданиятынын жана башка орто кылымдык маданияттардын кийинки изилдөөлөрү С.А. Теплоухов тарабынан иштелип чыккан классификацияга таянган.

С.А.Теплоуховдун классификациялоосун пайдаланып С.В. Киселев, Л. Р. Кызласов байыркы кыргыздардын Модэ шаньюй, Чжичжи шаньюй менен бирге Батыш Монголиядан Түштүк Сибирге жер которушкандыгын далилдешкен. 30-жылдарда Саян-Алтай экспедициясы тарабынан материалдарды чогултуу боюнча чоң жумуш жүргүзүлгөн, ал материалдар В.П. Левашова, Л.А. Евтюхова, С.В. Киселевдун эмгектеринде чагылдырылган. Алар бул жерде кыргыз доорунда жер иштетүүнүн ролунун жогорулашын белгилеп кеткен, эмгек куралдарын сүрөттөшкөн жана енисейлик кыргыздардын жер сугарууну колдонгону тууралуу белгилеп кетишкен жана көчмөн кыргыздардын чарбасында мал багуу маанилүү роль ойногондугун далилдешкен.

Л.П. Потапов XVII кылымдын экинчи жарымында Хягас 4 княздыктан тургандыгын белгилейт: Алтысар, Алтыр, Туба, Езер жана ошону менен бирге кыргыздардын жана башка элдердин жайгашкан аймактарын жазган.

С.В. Киселев “Древняя история Южной Сибири” эмгегинде кыргыз доорундагы калктын турмушу башкалардан өзгөчө экендигин көрсөткөн [2, 78-б]. Анда көчмөндүүлүктүн белгилери күчтүү болгон. Ал кытайлык хронисттердин маалыматтарына жана руникалык эпиграфикага таянып дыйканчылык жана мал чарбасынын өнүгүшү тууралуу маалыматтарды берет, ушул эле жерде кыргыздардын өзүлөрү жайгашуусу боюнча Енисейде табылган бир да руникалык жазууда алардын бул аты кездешкен эмес деп белгилеген. Енисейлик жазууларда уруулардын жергиликтүү аталыштары басымдуулук кылат, бул тюлебари, кештимы, большары, ач жана билиг элдери сыяктуу кээ бир уруулук бирикмелерди картага салууга мүмкүндүк берет. Бул жалпы аталыштын жоктугу VII к. енисейлик уруулардын саясий биримдигинин начардыгынан Кыргыз аты узак убакыт бою жат болгондугуна байланыштуу экендигин көрсөтөт. С.В. Киселев ошондой эле динлиндердин алтай түрктөр жана гянь-гундар менен аралашып кеткендигинин натыйжасында енисейлик кыргыздардын келип чыгышы тууралуу жазган [12, 64-б] . Алтайлыктар менен болгон жакындыгы Нишидунун уулдары тууралуу уламыштагы кыргыздардын тектештиги менен ырасталат.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Белгилүү тарыхчы-археолог А.Н. Бернштам кыргыз коомун көчмөн деп, коом сөөктөрдөн көз каранды болгон катардагы көчмөндөр – кара-будун жана көчмөн ак сөөктөр – көк-эль болуп бөлүнөт деп белгилеп кеткен. А.Н. Бернштам Жети-Суу, Теңир-Тоо, Памир-Алай, Фергана аймактарында археологиялык изилдөө жүргүзгөн жана эстеликтерди доорлорго бөлүштүрүп, кыргыз элинин теги боюнча илимий жыйынтыгын берген. Кыргыздар Теңир-Тоого гунндар, сак, усун урууларынын курамында келишкен. Түштүк Сибирдеги айрым кыргыздар ар түрдүү мезгилде Теңир-Тоолук кыргыздарга келип кошула берип, кыргыз эли куралган.

Енисейлик кыргыздардын маданиятынын доорлорго бөлүштүрүүсү боюнча негизги концепция Д.Г. Савиновдун эмгектеринде көрсөтүлгөн, ал анын өнүгүшүнүн негизги этаптарын бөлүп кеткен. Тоолук Алтайдын аймагы изилдөөчү тарабынан "Улуу дөөлөт" доорундагы кыргыз маданиятынын алтай варианты катары каралат. Ал Тоолук Алтайдагы енисейлик кыргыздардын бардык көмүүлөрү курган астындагы типтеги көмүүлөр, эч кандай конструктивдик элементтери жок болгон, чаа-тас типтеги курулмаларды элестеткен көмүүлөр. Тувадан айырмаланып маданияттык бир бүтүндүлүктү түзбөйт, мүмкүн, бул "алтай-телес" түрктөрү менен жакын катнаштарга кирген кыргыз калкынын бул жердеги аз сандуулугу менен түшүндүрүлөт. Алтайда кыргыздардын жергиликтүү "телес" түрктөр менен бирге турушу Мендур-Сокондун руникалык жазуулары менен ырасталат.

"Сибирский вестник" журналында тарыхчы Г.И. Спасский руникалык эстеликтерди изилдөөнүн негизинде Түштүк Сибирде жашаган элдер, кыргыздар жөнүндө маалыматтарды жарыялаган. Енисейлик жана тяньшандык эл бир эл деген. Бул пикирди немец географы К.Риттер колдогон жана алардын жер которуу процесси XIII кылымда эле башталгандыгын жана кыргыздарды буруттар деп белгилейт.

Орус окумуштуусу Н.Я.Бичурин кытай маалыматтарын изилдеген. Кыргыздар автохтондуу, кыргыз эли эч жактан көчүп келбей эле, азыркы ата-журтунда жашаган деген пикирди биринчи жолу айткан. Кыргыздардын байыркы аталышы буруттар, эч качан Енисейден келишкен эмес, байыртадан эле Теңир-Тоону жердешкен деп белгилейт.

Кыргызстандык окумуштуулар кыргыз этногенезинин тарыхын изилдөөдө чоң салым кошууда. Авторлор Б. Джамгерчинов [9, 68-б], А.Мокеев [16, 98-б] этногенез тууралуу төмөнкүдөй көз карашты айтышкан: кыргыздардын ата-бабалары Алтайга келген жана ассимиляцияланган кыргыздардын топтору жана алардын кыргыз этнонимин алган Иртыш жанындагы кимактар. Так ушул Алтайда жана жогорку Обдо XIII кылымда "Кыргыз княздыгы" жайгашкан. Монгол жортуулдарда кыргыз атын алган кимак-кыпчактардын жерлери Могулистандын курамына кирген. XV кылымдын ортосунда кыргыздардын бир бөлүгү Тянь-Шанга көчүп кеткен деген ойду айтышкан.

Кыргыз элинин этногенезинин негизги этаптары тууралуу С.Г.Кляшторный [13, 132-б], А.М.Мокеев, В.П.Мокрыниндин ой-пикирин карасак, алар кыргыз элинин калыптануусу эки негизги компоненттерден - сибирдик-борбордук азиялык жана жергиликтүү, орто азиялык компоненттерден келип чыккан деген пикирди айтышат жана ошону менен бирге кыргыз этникалык коомчулугунун түзүлүү тарыхында үч негизги доорго бөлүшөт:

1) Байыркы (Тянь-Шандагы сак, сак-усундук жана гунн-усундук мезгилдер);
2) Эрте орто кылымдык (Енисейде жана Тянь-Шандагы кыргыз, түрк, түрк-карлуктук жана карлук-караханиддик мезгилдер);
3) Кечки орто кылымдык (Алтайдагы, Иртыш боюндагы жана Тянь-Шаньдагы кимак-кыргыз, могол-кыргыз жана кыргыз мезгилдер).

Окумуштуулар Орто Азиянын чыгыш тарабында түрк этносунун түзүлүшү III-XII кылымдардын ортосундагы мезгилди камтып жана үч доорго бөлүнөрүн белгилешет: 1) III-V кк. борбордук азиялык кечки гунндук уруулардын келиши; 2) байыркы түрк уруулардын батыш Тянь-Шанга массалык түрдө көчүп барышы (VI-XIII кк.) жана байыркы түрк мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшү; 3) Алтай жана Батыш Монголиядан Батыш Тянь-Шанга карлук уруулардын (карлуктар, чигили, ягма) массалык түрдө көчүп барышы жана Караханид мамлекеттинде топтолгон түрк эрте феодалдык княжестволордун калыптанышы (XI к. аягы -XII к.). Ошону менен бирге карлуктардын Жети-Сууга көчүп

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

барышы Орто Азия чыгышындагы калкынын биротоло түркизациясына алып келген жана бирдиктүү адабий түрк тили жана адабияты калыптандыгын белгилешет.

Кыргыз элинин калыптануусунун аяктоочу этаптары Тянь-Шанда XV-XVIII кылымдарда болуп өттү, бул жерде эки негизги компоненттердин – Тянь-Шандын байыркы жана орто кылымдардын уруулук бирикмелери менен Иртыш боюнан жана Алтайдан XV к. бул жерге көчүп келген накта кыргыз урууларынын өз ара аракеттенүүсүнүн жана өз ара мамилелеринин узакка созулган процесси болгон деп белгилешет.

Кыргыз элинин алтай этабынын өнүгүүсүнүн ортоазиялык компонентине каршы окумуштуулардын башка тобу чыккан. Алардын көз карашы орто кылымдык чыгыш авторлордун маалыматтарынын, археология жана этнология материалдарынын негизинде кыргыздардын этногенезинин ар кандай аспектерине арналган “Вопросы этнической истории киргизского народа” аттуу жыйнагында баяндалган. Жыйнактын авторлору (О.Караев, Ю.Худяков, В.Бутанаев, Т.Чоротегин, М. Кожобеков) кыргыз элинин протоөзөгүнүн калыптануу процесси 840-жылга чейин Минусин ойдунда бүткөн деген пикирди жакташкан. Енисейлик кыргыздардын бир бөлүгү Монголия жана Чыгыш Түркстан аркылуу Бешбалык жана Аньси шаарларына 843-жылы аскер жортуулунун убагында Тянь-Шанга көчүп кетишкен. Алар башында Чыгыш Тянь-Шань тоолорунда топтолгон, Тарим бассейндин бир бөлүгүнө ээ болушуп, кийинчерээк азыркы Кыргызстандын аймагына жылышкан. Кийин ушул кыргыз уруулардын тобу Тянь-Шандагы азыркы кыргыз элинин калыптануусунда негизги ролду ойногон.

Кыргыздардын байыркы ата журту жөнүндө окумуштуулардын ар түрдүү пикирлери бар. «Хань Шу» тарыхый булагын негиз кылып синолог А.А.Боровкова б.з.ч. I кылымдын орто ченинде кыргыздардын журту Чыгыш Түркстандагы Манас, Кара Тоо кыркасынын түндүк этегинде орун алган деп белгилейт. Окумуштуу М.Кожобеков кыргыздар Кара шаардын түндүгүндө Манас шаары, Манас суусу, Манас көлү аталган ыйык жердин айланасында жашашкан деген пикирин билдирет. Кыргыздардын прототүрк этногенезине катышышы жөнүндө окумуштуу О.Каратаев М.Кожобековдун пикирин жактайт жана аны төмөндөгүдөй билдирет: “Окумуштуулар белгилеген динлиндер теле уруусу болсо, анда жогоруда айтылган кыргыздардын динлиндер менен жуурулушуу процесси, кыргыздардын Карашаар шаарынын аймагында теле уруу конфедерациясынын курамында жашаган деген жазма булак көрсөтмөсүнө дал келет. Тарыхый доордун хронологиялык алкагы жана жазма булак маалыматтары кабарлаган дарек да кыргыздардын адегенде Чыгыш Тянь-Шанда жайгашышынан кабар берет. Аталган маалыматтар кыргыздардын прототүрк этногенезине катышышын да айгинелейт” [11, 127-б].

Байыркы кыргыздар менен хуннулар Тенир-Тоо тоолорунда байырлаган теле уруу конфедерациясынын курамында бирге жашашкандыгын тастыктап кыргыз элинин этногенезин ырattуу изилдеген окумуштуу М. Кожобеков жогорудагы маалыматтардын кыргыз этногенезин тактоодо зор мааниси бар экендигин белгилейт. Тарыхчы М.Ч. Кожобеков кыргыздардын Теңир-Тоо жана чектеш аймактарда эрте орто кылымдар доорунда эле жашагандыгын белгилейт, а түгүл Ю.С. Худяковдун кыргыздарды азыркы Чыгыш Түркстандан Түштүк Сибир аймагына хуннулар эмес, жуань-жуандар (аварлар) сүрүп чыгарган деген пикирин колдойт.

Жогоруда биз кыргыз элинин этногенези боюнча окумуштуулардын ар түрдүү дискуссия, концепциялары менен кеңири тааныштык. Ошону менен бирге бүгүнкү күндө кыргыз элинин этногенетикалык байланыштары терең, толук изилдениши керек деген ойдобуз.

**Адабияттар тизмеси**

1. Бартольд В.В. Кыргыздар. [Текст] / В.В.Бартольд //Тарыхый очерк // Кыргыздар. 2-Т. - Б.: 1993. - 126-184-бб.

2. Бернштам А.Н. Историческое прошлое киргизского народа [Текст] / А.Н.Бернштам. – Фрунзе: 1942.
3. Бернштам А.Н. Археология [Текст]: Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалган чыгармалар / А.Н.Бернштам. - I-II Т. - Б.: 1997-1998.
4. Бичурин Н.Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена [Текст] / Н.Я.Бичурин. - Т.1-3. – М., -Л.: 1950-1953. – Т.1. -1950, -379 с., Т.2. – 1950. – 332 с.; Т.3. – 1953. – 327 с.
5. Бутанаев В.Я. Киргизско-хакассие этнокультурные связи [Текст] / В.Я.Бутанаев // Историко культурные связи народов Южной Сибири. – Абакан: 1988.
6. Валиханов Ч.Ч. Собрание сочинений в 5-ти томах [Текст] / Ч.Ч.Валиханов // Отв. Ред. А.Х.Маргулан . – Алма-Ата: Гл. Ред. Каз. Сов . энциклопедии, 1984-1985. – Т.1. – 1984. – 431 с.
7. **Георги, Иоганн Готлиб.** Описание всех обитающих в Российском государстве народов : их житейских обрядов, обыкновений, одежд, жилищ, упражнений, забав, вероисповеданий и других достопамятностей [Текст]: часть вторая, о народах татарского племени / И.Г.Георги. – СПб.: 1799. – в 4 т. – 2 том.
8. Грум-Гржимайло Г.Е. Западная Монголия и Урянхайский край [Текст] / Г.Е. Грум-Гржимайло // Т.2. Исторический очерк этих стран в связи с историей Средней-Азии. – Л.: 1926.
9. Джамгерчинов Б.Д. Значение и задачи изучения проблемы этногенеза киргизского народа [Текст] / Б.Д.Джамгерчинов // Труды Кирг.археол.-этногр. эспедиции . – Ф.: 1959. Т.3.
10. Караев О.К. Байыркы турк эстеликтери жана араб-перс авторлору кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө [Текст] / О.К.Караев // Материалы по истории и экономике Киргизии. – Фрунзе: 1963.
11. Каратаев О.К. Кыргыздардын теги, келип ыгышы, этностук-маданий алакалары [Текст] / О.К.Каратаев. – Бишкек: КТМУ, 2013.
12. Киселев С.В. Древняя история Южной Сибири [Текст] / С.В.Киселев. – М.: Изд. АН СССР, 1951. // Труды Кирг.археол.-этногр. эспедиции . – 1959. Т.3.
13. Кляшторный С.Г. Основные этапы этногенеза киргизского народа [Текст] / С.Г.Кляшторный, А.М. Мокеев, В.П.Мокрынин // Тюркология: Тез. Докл. и сообщ. V Всесоюз. Тюркол. Конф. – Фрунзе: 1988.
14. Кожобеков М. Кыргыз тарыхынын тарыхы [Текст] / М.Кожобеков. – Бишкек: 2013.
15. Миллер Г.Ф. Описание Сибирских народов и всех происшедших в нем дел, от начала а особенно от покорения его Российской державой по сие времена [Текст] / Г.Ф.Миллер. – СПб.: Императорская Академия наук, Кн.1. - 1750.
16. Мокеев А.М. Новый источник по генеалогии киргизского народа [Текст] / А.М.Мокеев. – Фрунзе : Изд. АН Кирг. ССР, 1963.
17. Радлов В.В. Из Сибири: Страницы дневника [Текст] / В.В.Радлов / Пер. С нем. К.Д.Цивиной и Б.Е.Чистовой. – М.: Наука, 1989.
18. Ремезов С.У. Чертежная книга Сибири [Текст] / С.У.Ремезов. – М.: Книга по Требованию, 2012. – 95 с.
19. Фишер И.Э. Сибирская история с самого открытия Сибири до завоевания сей земли российским оружием [Текст] / И.Э.Фишер. - С.-Петербург: При Имп. Академии наук, 1774.
20. Худяков Ю.С. Кыргызы в Восточном Туркестане [Текст]: Кыргызы: Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии / Ю.С.Худяков. – Бишкек: 1996.